## Биология сабагы боюнча баа коюунун нормалары

«5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - өтүлгөн материалды катасыз айтып же жазып берсе; - билим, билгичтик жана практикалык көндүмдөрдүн бардык көлөмүн программага ылайык өздөштүргөн болсо; - өзгөртүлүп берилген суроолорго оңой жооп берсе; - бүтүндөй материалды так жана толугу менен айтып берет, жазуу иштерин катасыз аткара алса; - алган билимдерин практикада эркин колдоно алса.

«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - программалык материалдын билимдерин өздөштүрсө; 29 - материалды аң сезимдүү түрдө айтып берип, бирок анын маанилүү жактарын дайыма ажыратып айта албаса; - билимдерин практикада колдоно алат, бирок өзгөртүлүп берилген суроолорго оңой жооп бере албаса; - оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда каталар болушу мүмкүн, мугалим эскерткен кемчиликтерди оңой оңдой алса.

«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - программалык материалдын билимдерин өздөштүрөт, бирок өз алдынча айтып берүүдө кыйналат жана мугалим тарабынан тактап-толуктай турган суроолордун берилишин талап кылса; - өзгөртүлүп берилген суроолорго жооп берүүдө кыйналса; - оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда каталар болсо.

«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - материал туурасында башка түшүнүккө ээ болсо; - оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда орой каталар болсо.

**Оозеки жоопторду баалоонун критерийлери**

«5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - өздөштүрүлгөн теориянын негизинде толук жана туура жооп берсе; - материалды белгилүү логикалык ырааттуулук менен адабий тилде айтып берет: жооп өз алдынча берсе.

«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - өздөштүрүлгөн теориянын негизинде толук жана туура жооп берсе; материалды белгилүү логикалык ырааттуулук менен адабий тилде айтып берет, бирок эки-үч майда ката кетирип, аларды мугалимдин эскертүүсү боюнча оңдосо.

«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - жооп толук берилди, бирок маанилүү ката бар, же болбосо толук эмес жооп берсе.

«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - жооп берип жатканда окуучунун өтүлгөн материалдын негизги мазмунун түшүнбөй калгандыгы аныкталганда же мугалимдин жол көрсөтүүчү суроолорунун жардамы менен оңдой албай калган маанилүү каталары бар болсо.

**Лабораториялык , практикалык ишти баалоонун критерийлери**

«5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - иш туура жана толук аткарылган; туура жыйынтык чыгарылса; - иш план боюнча техникалык коопсуздукту сактоо менен аткарылса.

«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - жалпысынан иш туура аткарылган, эки-үч майда ката кетирилип, алар мугалимдин эскертүүсү боюнча оңдолсо.

«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - иш жарым-жартылай туура аткарылган же болбосо маанилүү ката кетирилсе.

«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат: - ишти аткаруу учурунда эки (жана көп) маанилүү ката кетирилген жана бул каталарды окуучу мугалимдин эскертүүсү менен оңдой алган эмес.

**Тесттерди баалоонун критерийлери**

“3” деген баа туура жооптор жалпы суроолордун 60% -74% түзсө;

“4” деген баа туура жооптор жалпы суроолордун 75% - 90% түзсө;

“5” деген баа окуучу тестти ийгиликтүү аткарып, туура жооптор жалпы суроолордун 90% ашыгын түзсө.